УДК 37.03
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(2)-158-163

**Умарбекова А.А., Алымбекова М.А.**
Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Умарбекова А.А., Алымбекова М.А.**
Таласский государственный университет, кандидат педагогических наук, доцент,
Таласский государственный университет, магистрант
**Umarbekova A.A., Alymbekova M.A.**
Talas State University, Candidate of pedagogicai sciences, associate professor,
Talas State University, Master's student

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА ОКУТУУНУН ИННОВАЦИЯЛЫК УСУЛДАРЫН КОЛДОНУУ
# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИННОВАЦИОННЫХ МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ
# USING INNOVATIVE TEACHING METHODS IN PRIMARY SCHOOL

**Кыскача мүнөздөмө.** Макалада башталгыч класста билим берүүнүн сапатына таасир берүүчү фактор катары окутуунун инновациялык усулдары тууралуу маселе каралды. “Инновация” термини жана анын билим берүү чөйрөсүнө киргизилиши, жаңылыктарды киргизүүнүн айрым, модулдук жана системалык түрлөрү жөнүндө маалымат берилген. Окуу процессинде окутуунун салттуу жана жаңы методдорун колдонууда “Мугалим-окуучу” мамилелеринин стили бири-биринен айрымаланып, окутуунун максатына жетүү үчүн дидактикалык талаптарга жооп берүүнү талап кылат. Эл аралык уюмдар тарабынан киргизилген долбоорлор негизинен башталгыч билим берүү уюндарына багытталып, окутуунун интерактивдүү жана инновациялык методдорун окуу процессинде колдонууну сунуштаган. Долбоордун программаларындагы инновациялык окутуу методдору башталгыч класстын окуу программасында берилген окуу материалдарынын системалуу, үзгүлтүксүз, жөнөкөйдөн татаалга карата түзүлгөн окутуунун принциптерин эске алуу менен киргизилген. Окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу, математикалык сабаттуулугун жогорулатуу багытында инновациялык методдор сунушталды. Анда дифференцияланган окутуу, предмет менен тилди интеграциялап окутууга көңүл бурулган.

**Аннотация.** В статье рассматривался вопрос об инновационных методах обучения как факторе, влияющем на качество образования в начальной школе. Дана информация о термине” Инновация " и его внедрении в образовательную сферу, о некоторых, модульных и системных видах внедрения инноваций. При использовании традиционных и новых методов обучения в учебном процессе стили отношений “учитель-ученик” отличаются друг от друга и требуют соответствия дидактическим требованиям для достижения цели обучения. Проекты, представленные международными организациями, в основном ориентированы на организации начального образования и предлагают использование интерактивных и инновационных методов обучения в учебном процессе. Инновационные методы обучения в программах проекта внедрены с учетом принципов систематического, непрерывного, структурированного обучения от простого к сложному из учебных материалов,

представленных в учебной программе начальной школы. Предложены инновационные методы формирования навыков чтения, повышения математической грамотности учащихся. В нем основное внимание уделяется дифференцированному обучению, интегрированному обучению предмету и языку.

**Abstract.** The article considered the issue of innovative teaching methods as a factor influencing the quality of education in primary school. Information is given about the term “Innovation” and its implementation in the educational sphere, about some, modular and systemic types of innovation. When using traditional and new teaching methods in the educational process, the styles of teacher-student relationships differ from each other and require compliance with didactic requirements in order to achieve the learning goal. The projects presented by international organizations are mainly focused on primary education organizations and offer the use of interactive and innovative teaching methods in the educational process. Innovative teaching methods in the project programs are implemented taking into account the principles of systematic, continuous, structured learning from simple to complex from the educational materials presented in the primary school curriculum. Innovative methods of forming reading skills, improving the mathematical literacy of students are proposed. It focuses on differentiated learning, integrated subject and language learning.

**Негизги сөздөр:** инновация, инновациялык методдор, инноватика, “Мугалим-окуучу” мамилелеринин стили, интерактивдүү методдор, дифференцияланган окутуу жана анын технологиялар, предмет менен тилди интеграциялап окутуу.

**Ключевые слова:** инновации, инновационные методы, инноватика, стиль отношений “учитель-ученик”, интерактивные методы, дифференцированное обучение и его технологии, интегрированное обучение предмету и языку.

**Keywords:** innovations, innovative methods, innovations, teacher-student relationship style, interactive methods, differentiated learning and its technologies, integrated subject and language learning.

Коомубузда экономикалык жана социалдык мамилелер жаңыланып жаткан мезгилде билим берүү тармагында да сандан сапатка умтулуу, жаңылануу жана натыйжалуу аракеттер байкалууда. Билим берүүнүн сапатына таасир берүүчү факторлор: ишмердиктин бул же тигил чөйрө-сүндөгү руханий маданияттын жана тажрыйбанын мыкты жетишкендиктерин камтыган мазмун; педагог кызматкерлердин жогорку кесиптик чеберчилиги; жаңы педагогикалык технологиялар жана аларга ылайык келүүчү материалдык-техникалык жабдуулар; калктын билим алууга болгон муктаждыгынын толуктугу аркылуу аныкталат.

Жогорудагы аталган факторлор бири-бири менен тыгыз байланышта, бири –бирин толуктап билим берүүнүн сапатын көтөрүүгө багытталат. Алардын ичинен жаңы педагогикалык технологияларды, тактап айтканда окутуунун инновациялык усулдарын окуу процессинде колдонуу актуалдуу.

XX кылымдын башында эле илимде жаңы бир аймак түзүлүп, анда илимдеги материалдык өндүрүштүн сферасындагы инновациялардын закончөнемдүүлүктөрү изилдене баштаган. Ал эми педагогикада инновациялык процесстер 50-жылдардын аяк ченинде Батыштагы чет өлкөлөр менен Россияда окумуштуу-педагогдор тарабынан изилденсе, биздин өлкөдө 90-жылдарда изилдөөгө алынган.

«Инновация» деген термин (латынча inovatis) –«жаңылык», «жаңылануу», «өзгөрүү» ал эми «инноватика» - бул инновациялык иштин усулун же аны уюштурууну камтыган билимдер чөйрөсү же инновациялык процесстер жөнүндөгү илим, «жаңыга киришүү», «жаңылык киргизүү» дегенди түшүндүрөт [1]. Жалпысынан алганда инновациялык процесс –бул жаңылыктардын жаралышы, иштелип чыгышы, өздөштүрүлүшү, колдонуп жайылтылышы боюнча комплекстүү ишмердүүлүк.

Инновациялык окутууда жаңылыктар окутуунун мазмунуна, окутуунун методдору менен формаларына киргизилет. Окутуу процессинде инновациялык окутууну анын көлөмүнө жараша бөлүштүрүп, айрым жаңылыкты, модулдук жаңылык же системалык жаңылыкты киргизгендигин аныктоого болот. Мисалы, эгерде башталгыч класстын окуу программасына буга чейин окутулбаган жаңы предмет киргизиле турган болсо, анда бул айрым жаңылык киргизүү болуп саналат. Эгерде бардык класстар же параллель класстар үчүн кандайдыр бир предметти модификацияланган жаңы программалардын блогу менен иштетсе, анда ал модулдук жаңылыкты киргизүү болот. Эгерде, жаңылыкты мектептин бүтүндөй системасын кайра куруу үчүн киргизе турган болсок, анда ал системалык жаңылык киргизүү болот.

Азыркы күндө башталгыч мектепте окутуунун салттуу жана инновациялык стратегиялары колдонулуп жатат. Бул стратегияларда “Мугалим- окуучу” мамилелеринин стили бири-биринен айрымаланып, окутуунун максатына жетүү үчүн дидактикалык талаптарга жооп берүүнү талап кылат.

Окутуунун методдорунда салттуу сабак менен инновациялык сабакты “Мугалим-окуучу” мамилелеринин стили боюнча аныктай турган болсок, салттуу сабактарда сабактын максаты жана милдеттери, окуу материалынын мазмуну окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрү ар кандай болушуна карабастан окутуунун көнүмүш болгон методдорунун жана формаларынын белгилүү стереотиби пайдаланылат. Мында окутуунун репродуктивдүү методу “уктуң, көрдүң, эстеп калдың, кайталап айтып бересиң” деген схемада колдонулат. Ал эми инновациялык сабакта мугалим менен окуучунун өз ара биргелешип аракеттенүүлөрү ар түрдүү формада окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен дифференциалдуу мамиле жасоо менен жүргүзүлөт. Окутуу иш аракети “ өздөштүрдү, сезимдүү аңдап билди, билимдерди пайдаланганга үйрөндү, чыгармачылыкты көрсөттү” деген схемада ишке ашырылат. Демек, ар түрдүү инновациялык иш – бул процесстин ар бир бөлүгүн же багытын жаңылоого, өркүндөтүүгө, өнүктүрүүгө багытталган чыгармачылык ишмердүүлүк. Чыгармачыл ишмердүүлүктө окуучунун ишке болгон жөндөмдүүлүгү, билгичтиги, иштин көзүн таба билүүсү, уюштуруу жөндөмдүүлүгү, өз алдынча иштей билүү көндүмдөрү калыптанат.

Кыргызстанда интерактивдүү окутуу тууралуу алгачкы изилдөөлөр 90-жылдарда башталып, анын негизинде “Сорос –Кыргызстан”, “ПИКС», «АКСЕЛЬС», «ЮСАИД» эл аралык уюмдар тарабынан киргизилген долбоорлордун алкагында семинар тренингдер уюштурулуп, мектеп практикасына киргизиле баштаган. Бул долбоорлордо өзгөчө башталгыч класстын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу, математикалык функционалдык сабаттуулугун жогорулатуу багытындагы иш аракеттерде окутуунун инновациялык жана интерактивдүү методдорун колдонууга маани берилген.

Акыркы жылдары ЮСАИДдин “Бирге окуйбуз” (2013-2017) жана “Келгиле окуйбуз!” (2017-2020), “Окуу керемет!” (2020-2024) долбоорлорунда башталгыч класстын

окуучуларынын негизги ( маалыматтык, социалдык-коммуникативдик жана өзүн-өзү башкаруу жана көйгөйдү чечүү) жана предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу милдети ишке ашырылган. Долбоордун программаларындагы инновациялык окутуу методдору башталгыч класстын окуу программасында берилген окуу материалдарынын системалуу, үзгүлтүксүз, жөнөкөйдөн татаалга карата түзүлгөн окутуунун принциптерин эске алуу менен киргизилген. Алардын айрымдарына токтолуу менен, окутуунун стратегиялары мугалим тарабынан кандайча колдонула тургандыгын сунуштайбыз.

Башталгыч класста мугалим окуучулардын шар окуу көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн анын компоненттерине туура окууга, окуу ылдамдыгын жогорулатууга, көркөм окууга, тыныш белгилерге көңүл коюп окууга үйрөтүүдө ар түрдүү көнүгүүлөрдү колдонот. Мисалы: “Жаңырык”, “Тоскоолдуктар” менен окуу, “Шульте таблицасы”, “Сөз пирамидасы”, “Слалом” ж.б. Окуучулар “Жаңырык” менен окуу көнүгүүсү аркылуу туура жана көркөм окууга , “Тоскоолдуктар” менен окууда жылдызча, торчо, сызыкча сыяктуу тоскоолдуктар менен сөздөрдүн, муундардын, сүйлөмдөрдүн бир бөлүгү жабылган текстерди окуу аркылуу окуунун автоматизмине жетишет. Ал эми “Шульте таблицасын” колдонууда окуучулардын текстен көп сөздү көрө билүүсү, окуу ылдамдыгы калыптанат. Таблицада 5 катар жана 5 сапта 1 ден 25 ке чейинки сандар иретсиз жайгаштырылып, мугалим окуучулардан таблицанын ортосунан көздү албай туруп, 1 ден 25 ке чейинки сандарды өсүү иретинде табуусун сунуштайт. Шульте таблицасын улам татаалдантып түзүп сунуштоо менен окуучунун көрүүсүн жакшыртууга жана окуу ылдамдыгын жогорулатууга болот. “Слалом” методунда окуучу 20 секунддун ичинде тоодон лыжа менен түшүп жаткан слалом спортчусу сыяктуу көз жүгуртүп, берилген сөздү китептин бетинен табуусу керек, мында окуучунун көрүү мейкиндиги кеңейип, окуучу ылдам жана шар окууга машыгат[5].

Долбоордо сунушталган окутуунун стратегияларынан тышкары окуучунун шар окуу көндүмдөрүн калыптандырууда мээнин оң жана сол жарым шаарын синхрондуу иштетүү да маанилүү, мээнин оң жарым шаары окуучунун чыгармачылыгын, элестөөлөрүн, эмоция, кыялдануусун, интуициясын, креативдүүлүгүн өнүктүрсө, сол жарым шаарчасы логикалык ой жүгүртүү, сөз байлыгын өстүрүү, математикалык эсептөөлөрдү жүргүзүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт. Мээнин эки жарым шаарын тең белгилүү бир көнүгүүлөр аркылуу иштетүүгө болот. Мисалы: оң жана сол кол менен бир эле учурда сүрөт тартуу, сол кол менен сүрөт тартуу, акыл эс жөндөмдүүлүгүн жана дене кыймылын өнүктүрүүдөгү кинезиологиялык көнүгүүлөрдү колдонууга болот.

Учурда башталгыч класста дифференцияланган окутуунун технологияларын колдонууга маани берилүүдө. Дифференцияланган окутуу Л.С.Выготскийдин социомаданий теориясына негизделген. Анын айтымында окутуу процессинде ар бир баланын жекече өзгөчөлүгүн эске алуу керек, ансыз билимдерди өздөштүрүү, билгичтик жана көндүмдөргө ээ болуу мүмкүн эместиги, окуучунун билим алуусу социалдык процессте социалдык мамилелер аркылуу натыйжалуу боло тургандыгы, мугалим менен окуучунун ортосундагы кызматташтык “Скаффолдинг” (“Курулуш шатылары”) аркылуу жардам берүү, колдоо менен ишке ашырыла тургандыгы мугалимдин кесиптик чеберчилигине көз каранды болот. Скаффолдинг программага ылайыкташтырууну, окуу материалдарын, тапшырмаларды тандоону, баалоону жана ар бир окуучунун муктаждыгына ылайык кайтарым байланышты камсыз кылууну билдирет[3].

Дифференцияланган окутуудагы стратегияларда окутуунун максаты көрсөтүлөт, күтүлүүчү натыйжалары аныкталат, класста ишти уюштуруунун формасы жана стратегияны колдонуу үчүн керектүү материалдардын тизмеси сунушталат.

Окутуунун методу жана окутунун стратегиялары жөнүндөгү түшүнүктө алардын айрымачылыгы эмнеде? деген суроо туулушу мүмкүн.

И.Б.Бекбоев “ Окутуунун методу-деп окуучуларга билим, билгичтик, көндүмдөрдү берүүгө, аларды тарбиялап жана өстүрүп өнүктүрүүгө багытталган мугалим менен окуучулардын арасындагы максаттуу өз ара биргелешип аракеттенүүлөрүнүн ыкмасын айтабыз” деп белгилейт. Окутунун стратегиясы да окутуунун методу болуп саналат, анда максатка жетүү жолу кадам артынан кадам жол жобосу менен баяндалат[2].

Дифференцияланган окутууда төмөндөгү стратегияларды инновациялык методдор менен окутуу деп эсептейбиз. Мисалы: “Бекет боюнча орун алмашуу”, “Окурмандардын пикирлеринин тизмеси”, “Көп деңгээлдүү тапшырмалар” ж.б.

Предмет менен тилди интеграциялап окутууда CLIL стратегиясы эки максатка чогуу жетишүүгө багытталган, мында тил предметти окутуунун каражаты жана окуп үйрөнүүнүн объектиси да болот. Мисалы, сүрөт сабагында тилди интеграциялап окутууга болот. Анда төмөнкү стратегияларды колдонобуз: “Сөздөн сүйлөөгө”, “Угам, окуйм, түшүнөм”, “ Текст түзөм” ж.б. [4].

Адамдын бардык эмгек процесстеринин ичинен эң кыйыны – чыгармачыл жазуу, бир нерсени жазуу үчүн адам ошол теманы ойлонуп, ал боюнча белгилүү билимдерди өздөштүрүп, акыл-эс аркылуу аны сезип, ой калчап, башынан өткөргөндө гана анын жан дүйнөсүнөн чыгарма жаралат.

Чыгармачыл жазуу сабаттуулуктун белгиси, бүгүнкү санариптик дүйнөдө технологиянын жардамы менен интенсивдүү баарлашуу жүрүп жатат, ошондуктан жазуу түрүндөгү маалыматты берүү жана кабыл алуу маанилүү. Чыгармачыл жазуу көнүгүүлөрүн биринчи класстан баштап өздөштүрүү сунушталат, мугалим математика, адеп, мекен таануу, музыка жана турмуш- тиричилик коопсуздугунун негиздери сабактарында да бир эле учурда чыгармачыл жазууну колдонуп баштаса, окуучулардын активдүүлүгү, өз алдынчалыгы жогорулайт, талдоо, топтоштуруу, окшоштуктар менен айырмачылыктарды табуу, жалпылоо жана системалаштыруу, түшүндүрмөлөр жана далилдер сыяктуу ой жүгүртүү операциялары өнүгөт. Мугалимге чыгармачыл жазуунун төмөндөгү стратегияларын колдонуу сунушталат: “Окуган чыгармага пикир жазуу”, “Макта, сура, оңдо”, “РАФТ”.

РАФТ – белгилүү бир темада жазуу текстерин жаратууга багытталган педагогикалык ыкма, анын максаты окуучулардагы сынчыл ой-жүгүртүүнү өнүктүрүү жана берилген түзүлүш боюнча чыгармачыл жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу. Анын чечмелениши Р-роль, А-аудитория, Ф- форма,Т-тема, алгач ролду аныктоо үчүн берилген теманы ким ачып бере тургандыгын табуу керек, андан кийин берилген текст кимге арналгандыгын тактоо, жанрды баяндоонун формасын тандоо, теманы тандоо жана андагы негизги идеяларды ачуу. Окуучулар мүмкүн болгон ылайыктуу ролдорду сунушташат, ал ролдор таблицага толтурулгандан кийин экинчи тилкеге тексти окуу кызыктуу болгон адамдар жазылат, үчүнчү тилкеге жанрлар, төртүнчү тилкеге текстин негизги идеялары жазылат. Окуучулар ролдорду ич ара бөлүштүрүшүп, тексти жазууга киришет. Тапшырма аткарылгандан кийин тексти окушат, жыйынтыгында бул стратегия жазуу көндүмдөрун өнүктүрүүгө кантип жардам бергендигин окуучулардын ойлорун угуу менен жыйынтыкталат.

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч мектепте окутуунун инновациялык методдору (стратегиялары) эл аралык долбоорлор тарабынан сунушталууда жана мугалимдердин билимин жогорулатуу курстарында окутулуп, ошондой эле интернет булактарында кеңири маалыматтар топтомуна ээ. Албетте, мугалим тарабынан өтүлүүчү сабактын усулдары, ыкмалары жана каражаттарын туура тандоо ийгиликке жетишүүнүн жолу. Инновациялык методдордун көп түрдүүлүгү, алардын бири экинчисин толуктоосу жана окуу процессинде колдонулушу окуучулардын билим сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.


**Колдонулган адабияттар:**

1. Ангеловски К. Учителя и инновации: Кн.для учителя: Пер.с макед. – М.: Просвещение, 1991.
2. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Б.: «Педагогика».2011. С.276-281.
3. Выготский Л.С. Психология развития ребенка.-М: Изд-во “Эксмо” 2004.-512.
4. Орозова Р.А., Эсенгулова М.М., Усупова М.К. ж.б. “Башталгыч мектепте дифференциациялык жана интеграциялык окутуу” –Б: 2021
5. ЮСАИДдин Окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү боюнча “Келгиле окуйбуз!” долбоору тарабынан даярдалган “Башталгыч класстын мугалимдери үчүн колдонмо. Б:Триада Принт.2020. 51-59б.
6. Привалова Г.Ф. Активные и интерактивные методы обучения как фактор совершенствования учебно-познавательного процесса в вузе // Современные проблемы науки и образования. - 2014. - №3.



УДК 378

DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(2)-163-167



**Умарбекова А.А., Чолпонбай кызы Э.**

Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

Талас мамлекеттик университети, магистрант

**Умарбекова А.А., Чолпонбай кызы Э.**

Таласский государственный университет, кандидат педагогичесских наук, доцент

Таласский государственный университет, магистрант

**Umarbekova A.A., Cholponbai kyzy E.**

Talas State University, Candidate of Pedagogical Sciences.,

Talas State University, Master's degree.


## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА БААЛОО УСУЛДАРЫН КОЛДОНУУ
## ИСПОЛЬЗОВАНИЕ МЕТОДОВ ОЦЕНКИ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ
## USING ASSESSMENT METHODS IN PRIMARY SCHOOL


**Кыскача мүнөздөмө.** Макалада окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун мааниси, балоонун келип чыгыш тарыхы, окутууда баалоого карата жаңыча мамилелер каралган. Диагностикалык баалоону мугалим окуу жылынын башталышында